КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXVII сессиясы**

**Токтом № 172**

Сүлүктү шаары 7-май 2024-жыл

**Сүлүктү шаардык кеңешинин I сессиясынын 14.05.2021жылдын №1 токтому менен бекитилген Сүлүктү шаардык кеңешинин Регламентинин 4-главасынын 4.15 пунктун жокко чыгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча агенттигинин директорунун орун басары М. Т. Саргазаковдун катына ылайык Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 39-беренесинин 5-пунктунун, 2009-жылдын 20-июлу №241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин I сессиясынын 14.05.2021жылдын №1 токтому менен бекитилген Сүлүктү шаардык кеңешинин Регламентинин 4-главасынын 4.15. **"Туруктуу комиссиянын айрым мүчөлөрүнө, комиссиянын отурумуна жүйөлүү себептер менен катыша албаган учурда видео конференция жолу менен катышууга уруксат берилет. Туруктуу комиссиянын отурумун видео конференция шартында өтүлүүсүн шаардык кеңештин аппараты камсыздайт"** деген пункту жокко чыгарылсын;
2. Регламентти ушул токтом менен киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына милдеттендирилсин;
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: М.А. Кутбидинов